

# Жаштардын руханий адеп - ахлагын өнүктүрүүдөгү маданияттын орду.

Даярдаган: Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин 2-курсунун студенти Урматбек уулу Эрболот



Кыргыз элинин маданияты – миңдеген жылдардан бери карай түптөнүп, калыптанып келе жаткан маданият. Ата-бабаларыбыз бүгүнкү урпактарына мурас кылып калтырган өзгөчө баалуу байлыктарынын бири – элдик оозеки чыгармачылыктан бешик ырларынан тартып, дидактикалык мүнөздөгү чыгармалар, кеңири мазмундагы уламыштар, жомоктор, дүйнөдө сейрек учуроочу феномендик мүнөзгө ээ. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы балдардын эс тутумунун, дүйнө таанымынын, айлана-чөйрөгө болгон мамилесинин калыптанышында өзгөчө орунду ээлейт.

Кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында тажрыйба гана топтоп чектелбестен, жаш муундардын акыл-эсин, адептик аң-сезимин өнүктүрүүнүн (комплекстүү) ыкмаларын, жол-жоболорун иштеп чыгышкан жана тарбия, тартип, ыймандык маселелерге көңүл бөлүшкөн. Балдардын акыл-эсин өстүрүү үчүн билим көрөңгөсүн байытуу керек деген элдик педагогикалык жоболор, ой-корутундулары азыркы илимий көз караштарга жакын. Эл акыл-эсти (аң-сезимдүүлүктү) адамзатка таандык касиет катары баалап, бир четинен акыл-эс адамга табиятынан мүнөздүү экендигин түшүнсө, экинчиден адептик аң-сезимин өнүктүрүү керектигин сезишкен.

Кыргыздар табигый акыл жөндөмүн дээр же дээринен бүткөн акыл дешет .

Адам менен иштөө өтө татаал процесс. Демек, ага билим жана тарбия берүү да ошондой эле татаал. Ар бир баланын мүнөзүнө, кыялына туруштук берүү, угуу, түшүнүү, ар бирине тең мамиле жасоо баланы сүйгөн гана кесипкөй адистин колунан келет. Ар түрдүү мүнөздөгү балдарга татыктуу билим менен тарбия берүү үчүн мугалимдин да билими, тарбиясы жетиштүү болуууга тийиш. Анткени, билим-инсандын адеп-ахлагынын калыптанышынын пайдубалы. Билим менен тарбиянын аркасында муундардын жана жалпы адамзаттын коомдогу орду, андан ары келечекке карай умтулуусу, өсүп-өнүгүүсү аныкталат. Убакыт ар дайым кыймылда болууну, алдыга умтулууну, мезгилден артта калууну жактырбайт.

Коомдо акыйкат, адилет, мыкты адамдарды кумир тутуу, алардын өмүрүнөн өрнөк алуу жок, анткени баардыгын сатып алууга болгон, байлыкка умтулуу заманында, алардын ордуна мыйзам менен чүмбөттөлгөн спекулянттардын, ар кандай жаман жолдор менен байлыкка жеткен бандиттердин, кылмышкерлердин, миллионер, миллиардерлердин өмүрлөрү өрнөк, тутулган туу болуп бaратат. «Кантип байууну какшап үйрөткөн», анын түркүн жолдорун методикага айланткан коом, уюмдар биздин эле Кыргызстанда козу карындай жайнайт. Жаштардын бир даары саясат менен шугулданып эртелеп эле этек-жеңи жок култулдамаларга айланышса, бир даары диндин баш айланткан апийимдей уусуна ууланып, бир даары маңзатка магдырашып, аракка берилишип, кайда экенин өзү билбей «кайф күндөрдү» кечирип жүрөт

Улуттук тарбиянын идеалы  - кыргыз коомунун руханий эс тутумуна, улуттук нарктарына эгедер жалпы адамзаттык маданияттын баалуулуктарын аздектеген Кыргызстандын  эгемен, укуктук, демократиялык мамлекет катары өнүгүшү үчүн өзүнүн атуулдук милдеттерин, жоопкерчиликтерин аңдаган жана татыктуу аткара алган, дени сак, жаңы ааламдашуу доорунун шарттарына шайкеш компетенттүүлүктөргө, өнөргө, кесипке ээ, комуникативдүү, демилгелүү, жаратман активдүү адамдын образы.

Ошентип элдеги адат, каада-салттар бузулуп, АТА НАРКЫ, ЭНЕ АДЕБИ жышылып элден алыстоодо.



Эгер мурда баатырлык, Мекенди коргоо эр азамат жигиттердин баалуулугу болсо, азыр алар экинчи, үчүнчү планга түштү. Азыркы жаштардын эч кимиси аскерге барууну, оор жумуштарда, өзгөчө эшиктеги иштерди иштөөнү сыймык катары көрүшпөйт. Бул көрүнүштү коомдун ар түрдүү катмарынан толук көрүүгө болот. Аялзатында очок түптөп. анын отун жагып, үйүн жылытып, бала төрөп, кир жууш, үй куту болуу.

Кыргыз элинин көп кылымдык турмуштук байкоолорун, бай тажрыйбаларын унутта калтырбастан ооздон-оозго оозеки түрдө эмес, турмуштук практикада колдонуу менен иш жүзүнө ашыруу зарыл. Жаш муундарды билимге, билгичтикке үйрөтүүдө XX кылымдын башына чейин кыргыз элинин туруктуу кол жазмасы, маданияты, билим-илим берүү системасы бир калыпка салынып, өнүгө эместиги баардыгыбызга маалым. Бирок жашоо-турмушка, күнүмдүк көр тиричиликке байланыштуу эмприкалык, практикалык билимдер дайыма үзгүлтүксүз муундан-муунга өтүп турган. Ар бир жаңы муун өзүнүн мурдагы тажрыйбасын өздөштүрүп, өнүктүрүп, байытып, кийинки муунга салттуу түрдө өткөрүп берген.

Кыргызда элдик салттардын жакшы, алдыңкы үлгүлөрү аркылуу жашоо мыйзамы иштелип чыгып, аны менен тарбия берилип, адамдык жакшы сапаттарды, касиеттерди, өнөкөттөрдү бекемдеп, ак пейил, чынчыл, күйүмдүү, сыйчыл, баамчыл, туруктуу, бир сөздүү, оор басырыктуу болууга үйрөтүшкөн. Бала тарбиялоого жоопкерчилик менен карап, олуттуу караган түптүү эл экендиги элдик накыл кептерден байкалып турат. Тарбия берүүнүн башкы булагы адабият. Ал аркылуу элдин тарыхы, каада-салттары, үрп-адаттары, өнөр – маданияты берилет.“Эгер бир жылдык пайданы көздөп, түшүм алгың келсе- эгин эк, эгер он жылдык пайданы көргүң келсе- дарак тик, а эгер жүз жылдык пайда көргүң келсе – бала тарбияла» деп айтылат.

Кылымдан кылымга, доордон доорго кыргыз эли тарбиялоонун мыкты үлгүлөрүн жаратып, сактап, аны улам кийинки муундарга калтырып, таалим берип, уюткулуу тарбия көрөңгөсүнөн таасир алып, өз элинин мыкты адамы болуп, ата салтын, эне адебин, үлгүсүн улантып келген элибиз азыркы учурда жаңы кылымга келди. М: Улууга кичүүнүн саламдашуусу, жол бошотуп, төргө отургузуп, сый мамиле жасоо, ата-энеге, жакын адамдарга, ал тургай бейтааныш адамдарга ызаат, урмат көрсөтүүсүнөн баштап жашообуздун ар бир көз ирмеминде жашап, наристе баладан карыяга чейинки, ар түрдүү жаш курактагы адамдардын өзүнө тиешелүү адат болгон эрежеси бар. Бул салттар биздин муунга ата-бабадан мурас болуп калган байлыгыбыз.

Азыркы мезгилде чет өлкөгө чыгып кетип жаткандардын саны көбөйүп жатат. Буга баягы эле кедери кеткен турмуш, экономикалык жардылык, жетишпеген жашоо. Өзүңдүн бир боорлоруң, акылы, билими, күчү бар, колунан аш да, иш да келгендер чыгып кетип, айылдарда аталар, апалар жаш балдар калып жатышат. Канчалаган таланттуу билим алгысы келген жаштар жашоо шаттарынын айынан жогорку билим ала албай кара жумушта иштеп жүргөндөрү канча. Жаштар үчүн атайын белгиленген иш-чараларда коомдогу билимдүү гана жаштарды чогултпастан, карапайым жаштарды дагы биздин командага кошуу. Ошондо гана баарыбыз биргеликте мамлекеттин туруктуу жаштары аталабыз.



Жыйынтыктап айтканда, бүгүн кыргыз коомунун улуттук тарбиялоо идеалын билүүдө кыргыз инсанынын түптөлгөн руханий-адептик баалуулуктарын жаш муундардын оюна айландырып, доордон доорго уланышы үчүн кам көрүүбүз зарыл.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!